КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жылдын "23 " июль № 21

«Сокулук» муниципалдык ишканасынын жылуулук менен камсыздоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин айлык акысын жогорулатуу жөнүндө кайрылуусун кароо туралуу

"Сокулук" муниципалдык ишканасынын жылуулук менен камсыздоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин (казандык операторлору, машинисттер жана контролёр-кассирлер) айлык акысын жогорулатуу боюнча жамааттык кайрылуусун, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2026-жылдын 30-мартындагы № 80 буйругун жана № 01-14/68 расмий жооп катын, ошондой эле Сокулук айылдык кеңешинин Бюджеттик туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-июлундагы корутундусун карап чыгып, Сокулук айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Сокулук айылдык кеңешинин Бюджеттик туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-июлундагы корутундусу жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин «эмгек акы фондун жогорулатуу калк үчүн тарифтердин өсүшүнө жана бюджеттик субсидиялардын көбөйүшүнө алып келгендиктен, учурда айлык акыны жогорулатуу мүмкүн эмес» деген расмий корутундусу эске алынсын.

3. «Сокулук» муниципалдык ишканасынын кызматкерлеринин учурдагы айлык маяналары колдонуудагы эмгек ченемдерине жана айына 10 күндүк иш графигине ылайык негиздүү деп табылсын.

4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. "Сокулук" муниципалдык ишканасынын жетекчилиги (М.Ж. Акматов) арыз ээлерине (эмгек жамаатына) кабыл алынган чечим жана Департаменттин жообу боюнча мыйзам чегинде түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн жана көзөмөлгө алсын.

Төрага **Жумалиев Н.Н**